# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ ТАКТЫКТЫ ТАЛАП КЫЛАТ.

**САГИДАЕВА САЛТАНАТ**
*Ж.Баласагын ат. КУУ, улук окутуучу.*

Адабияттын тарыхын үйрөнүү, адабият таануу илиминин көп жылдык тажрыйбасы көрсөткөндөй, алды менен белгилүү бир тарыхый мезгилдердеги адабий өнүгүштүн тенденцияларын аныктап, (мезгилдештирилген принцип боюнча) анан ошол мезгилдердеги адабий процесске омоктуу салым кошкон жазуучулардын монографиялык портреттерин берүү принцибине негизделип келатат. Ушундай болгондо гана жалпылык менен жекеликтен диалектикалык биримдиги туура көрсөтүлмөкчү.

Кыргыз совет адабиятынын тарыхын үйрөнүү да ошол жалпы адабий процессти мезгилдештирүү жана жеке жазуучулардын монографиялык портреттерин берүү принциби боюнча жүргүзүлүп келатат. Буга чейин кабыл алынып калган мезгилдештирүүнү негиз катары алуу менен, кыргыз совет адабиятынын өнүгүү процессин төмөндөгүдөй мезгилдештирүү боюнча карап келе жатышат:

1. Кыргыз совет адабиятынын алгачкы мезгили;
2. Отузунчу жылдардагы кыргыз совет адабияты;
3. Кыргыз совет адабияты Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде;
4. Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда.
5. Азыркы мезгилдеги кыргыз совет адабияты (1960–1970-жылдар).

Жалпы баяндама бөлүктөрдү туура мезгилдештиргенден кийин көрүнүктүү жазуучулардын монографиялык портретин ошол мезгилдештирүүгө эриш-аркак жайгаштыруу зарылдыгы келип чыгат. Мурдагы «Тарыхтарда...» башкача айтканда, Москвадан 1970-жылы чыккан «История киргизской советской литературы» аттуу «тарых» китебинде адегенде обзордук материалдар берилип, анан гана аягында портреттер берилген.

Мында, жогорудагы «Тарыхта» белгилеп өткөндөй, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхы да кошо камтылган эле. Профессионал адабият менен оңой эмес көлөмдөгү элдик оозеки чыгармачылыкты жана өзгөчө биздин адабиятыбызда бараандуу орунду ээлеген акындар чыгармачылыгын да кошо камтуу ушул «тарыхтын» көлөмүндө кыскача гана баяндамалар сапатында боло тургандыгы айтпаса да түшүнүктүү эмеспи. Анын сыңары, «Киришүүсүнөн» кийинки эле обзордук тема «Кыргыз элинин көркөм мурастары» деп аталып, мында элдик оозеки чыгармачылыктын, өзгөчө эпостордун изилдениши тарыхынан маалыматтар берилип, «Манас», «Семетей», «Сейтек» жана башка кенже эпосторго токтолот. Аларды изилдөө маселелерине жана изилдеген окумуштууларга экскурс жасап, кыскача маалыматтарды берген. Бул бөлүмдүн автору белгилүү окумуштуу, филология илиминин кандидаты Бүбүй Керимжанова андан аркы обзордук бөлүктө элдик оозеки чыгармачылыктын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө токтолот.

Мында фольклордогу эң кичине деп эсептелинген жанрлардан баштап улуу эпосторго, башкача айтканда, «Манас» трилогиясына чейин жетет. Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгындагы малчылыкка, эмгекке арналган ырларга, арман, кошокторго, айтыштарга баяндама жасайт. Табышмактар жана жаңылмачтар жөнүндө тааныштыруу жумушу жүргүзүлөт.

«Манас» трилогиясына токтолуп, «Семетей», «Сейтек» эпосторунун идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, андагы негизги деп эсептелинген каармандар баяндалат. Элдик оозеки чыгармачылыкка арналган обзордон кийин «Акындар поэзиясы» аттуу чоң бөлүк келет. Мында кыргыз элинин акындар чыгармачылыгы талдоого алынат. Ушул жерден белгилеп кете турган нерсе, реакциячыл көз караштары бар жана башка идеологияга туура келбейт деген жарлыктар менен окутуудан, ачыкка чыгуудан алынып салынган Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын орун алышы. Молдо Кылычка арналган баяндама Токтогул жана Тоголок Молдолордон биринчи турат. Бул туура, анткени чыгармачылыгы

чынында эле бул акындарга салыштырганда бир аз алдыраак орунда турат. Башкача айтканда чыгармачылыгынын толуп турган кези мурдараак башталып, эрте бүтүп калган. Ал 1917-жылы дүйнөдөн кайтат.

Ал эми Тоголок Молдо жана Токтогулдардын өнөрү андан кийин да дүркүрөп өскөнү белгилүү. Мында да адаттагыдай эле төмөнкүдөй маалымат берилет: «И Калыгул и Арстанбек – верные выразители интересов богатых скотовладельцев»[1]. Албетте көлөмүнө жараша акындарга өзүнчө барандуу портреттик баяндоолор арналбайт. Камтылып, каралган акындардын саны да аз. Алар төмөнкүлөр: М.Кылыч, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Ысак Шайбеков, К.Акиев. Ал эми Алымкул, Осмонкулдар жөнүндө жана А.Жутакеев Т.Талканбаев сыяктуу жазгыч акындар тууралуу маалыматтар обзордо берилбейт. Бул «Историяда да» берилген элдик оозеки чыгармачылыкка, акындар поэзиясына арналган бөлүмдөр өтө кичине мазмунда жана көлөмдө болгону менен көтөрүп турган жүгү бир топ эле болгон. Албетте, өз мезгили үчүн минтип айтып жатканыбыздын себеби: бул китеп жарык көргөндө «элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки» жана «Акындар поэзиясынын очерки» жарык көрө элек болчу.

«История киргизской советской литературы» китебинде алгачкы калыптануу жылдарына арналган обзордук бөлүмүндө кыргыз совет адабиятынын калыптаныш мезгилиндеги процесстерге, окуяларга, кубулуштарга обзор берилет да андан кийин адабияттын негизги үч түрү боюнча талдоолор жүргүзүлөт. Алар поэзия, проза жана драматургия. Аталган этаптардын ар бириндеги поэзиянын, прозанын, драматургиянын ал-абалы, андагы болуп жаткан өсүштөр, жаңылыктар, чыгармачыл инсандар, алар жараткан чыгармалардын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү каралат. Бирок бул китепте башка тарыхтарга салыштырганда адабияттын түрлөрү боюнча талдоолор так тартипте жүргүзүлгөн эмес. Маселен, адабиятыбыздын калыптануу мезгилинде поэзия, проза, драматургия биринен кийин бири берилип катар тартиптерин сакташса, кийинки этаптагы иреттери: проза – поэзия -драматургия болуп берилет.

Ал эми К.Артыкбаевдин тарыхында адегенде поэзия, анан проза, анан драматургия болуп дистанцияларын бузушпайт. Бул дистанция «Кыргыз совет адабиятынын академиядан чыккан тарыхынын» I томунда да сакталган. Мында коркунучтуу эч нерсе деле болбогону менен адегенде поэзиянын, анан прозанын, анан драматургиянын берилиши туура болот го. Анткени ушундай катар тартипте берүүнүн өзүнүн талаптары, мыйзамченемдери бар. Москвадан чыккан «тарыхта» ошентип этаптарга бөлүштүрүү боюнча обзорлор жасалат да, андан кийин гана портреттер берилген.

Академиядан чыккан китеп жөнүндө да ушуну айтууга болот. Анын биринчи тому адабияттын этаптарга бөлүнүшү боюнча бүт обзорлор аркылуу берилсе, экинчи томунда портреттер берилген. Китеп эки томдон турганы эле болбосо, жогорудагы «историяда» берилген катар-иреттик принцип мында да сакталган.

К.Иманалиевдин «Тарыхы» да дээрлик ушул принципте. Жогоруда каралган ушул китептерден түп-тамыры менен айрымаланып К.Артыкбаевдин китебинде башкача берилген. Баса белгилей турган нерсе, кыргыз адабиятын этаптык бөлүштүрүү системасы мында да сакталган. Китепте автор өзү белгилегендей, адегенде баяндама жасагандан кийин эле ошол мезгилге туура келген чыгармачылыктагы авторлорду берет.

«Орус совет адабиятынын тарыхында В.Маяковский, С.Есенин, Д.Фурманов сыяктуу жазуучулардын портреттик бөлүмдөрү «жыйырманчы жылдардагы адабият» деген жалпы баяндамадан кийин берилген».[2] Бул принципти туура деп баалаган автордун пикирине биз да кошулабыз. Анткени аталган жазуучулардын чыгармачылыгы, өмүрү ошол жылдар менен чектелет. Мындай принцип орус совет адабиятынын жана башка республикалардын адабият тарыхын мезгилдештирүүдө пайдаланылып жүрөт.

К.Артыкбаевдин китебиндеги баяндама, портреттик бөлүмдөрү да хронологиялык жана илимий принциптин ушул критерийине баш ийет. Мисалы М.Элебаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбековдун чыгармачылык өмүрү 40-жылдардын биринчи жарымы менен чектелет. Демек, алар жөнүндөгү портреттик бөлүмдөрдү: «Кыргыз адабияты «Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде» деген баяндамага удаа жайгаштыруу ылайык. Ушул эле принцип боюнча, К.Артыкбаевдин аталган китебинде А.Осмоновдун портреттик бөлүмү «Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда» деген баяндамага удаа берилди. Ушундай болгондо гана мурдагы ой-пикирлер кайталанмак эмес. Китепте адабий ишмердигин жана чыгармачылык жолун кыргыз совет адабиятынын белгилүү бир мезгилине сыйдырууга мүмкүн болбогон жазуучулардын бардыгы баяндама бөлүктөрдөн кийин жайгаштырылган. К.Артыкбаевдин мына ушундай принципте жайгаштыруулары колдоого татырлык. Анткени этаптагы жазуучунун портретти, ошол этапка берилген обзордон кийин жайгаштырылса түшүнүктүү, конкреттүү болот.

Китеп жогорку окуу жайларынын студенттерине арналып жаткандыктан, анын түшүнүктүүлүгү студенттер үчүн пайдалуу болмокчу.

Эми коюлган максатка ылайык обзордук баяндоолорго башынан баштап конкреттүү токтолсок. Биз объект кылып алган аталган китептерде адабияттын тарыхынын алгачкы обзору, албетте, «Кыргыз совет адабиятынын алгачкы мезгили» деп аталган этаптык бөлүштүрүүнүн биринчи этабына токтолууга тийишпиз.

1970-жылы Москвадан жарык көргөн «История киргизской советской литературы» китебинин биринчи этабынын бардыгына Б.Керимжанова эженин эмгектери багышталган. Адегенде коомдук шарт жана ошол мезгилде болуп өткөн тарыхый учурларга токтолуп өтөт. Ушул эле жерде белгилүү окумуштуу жана чыгармачыл инсан К.Тыныстановдун ишмердигинен маалымат берет. Аталган мезгилдеги поэзияда Токтогул, Т.Молдо, Б.Алыкуловлордун ушул мезгилдеги Улуу Октябрь Социалисттик революциясына, жалпы эле коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөргө арналган ырларына басым жасалат.

Мыйзамченемдүү көрүнүш катары кыргыз профессионал адабиятын негиздөөчүлөрдүн бири Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгы жана өмүрүнөн маалыматтар берилет. Мындан сырткары, Ж.Бөкөнбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, К.Маликовдорго атайын беттер арналат. Мында жалпы жонунан берилбестен, ар бир чыгармачыл инсанга атайын бет арналат. Бирок портреттик бөлүм түрүндө эмес, обзордун эле ичинде айтылат. Биздин байкообузга караганда, «Историяда» кыргыз адабиятынын алгачкы мезгилиндеги чыгармачыл инсандар тууралуу маалыматтар таптакыр жок эсе. Бул «Историянын» ушул мезгилдеги поэзияга арналган обзордук барактары берки «Тарыхтарга» салыштырмалуу маалыматтарынын жардылыгы болду.

К.Артыкбаевде жогоруда берилген авторлордон сырткары адабиятыбызда азыраак белгилүү, бирок адабияттын калыптануусунда өз салымдарын кошкон бир топ акындар тууралуу маалыматтар берилет.

«...Ал жылдары Ташкент, Алма-Ата сыяктуу шаарларда кыргыз элинин алдыңкы жаштары окуп, билим алып жатышкан. Мына ошол жаштардын арасындагы шыктуулары анча-мынча ыр, аңгеме, макала жаза коюп, аларды ошол шаарларда казак, татар тилиндеги чыгуучу газета-журналдарга жарыялап турушкан. Алар: Жумадыл Түлөгабылов, Орозакун Элепесов, Байсерке Калпаков, Исамудин Кудайбергенов, Зыйна Элепесова, Сыдык Карачаев, Касым Тыныстанов жана башкалар эле»[3] – деп белгилеп, айрымдарынын ырларына токтолот. Мынча токтолуп жатканыбыздын себеби кыргыз адабиятынын ушул мезгилиндеги авторлор тууралуу маалыматтар өтө аз, дээрлик белгилүү эмес эле. Анын бир мисалы катары «История» да эсептелинет.

К.Артыкбаевдин алгачкылардан болуп бул маалыматты бериши дагы да болсо автордун китебинин ийгилигин шарттап турат. Турмуштан белгилүү болгондой чыйыр салынгандан кийин, аны андан ары улап кетүү бир топ жеңилирээк.

Кыргыз адабиятынын алгачкы жылдарына арналган обзорлорго кайрылганыбызда, К.Артыкбаевдин китеби кийинки чыккан тарыхтарга өзөк болуп, эмнени айтып, эмне жөнүндө сөз кылуу керек экендигини көрсөтүүчү багыттама ролдо тургандай. Бул «Тарых» өзүнүн окуу куралы катары милдетин мыкты аткаруу менен орчундуу гана жерге токтоп, башка маселелер тууралуу маалымат бериши ылайыктуу иш эле. Маселен: Кыргыз адабиятынын алгачкы мезгилиндеги прозага арналган обзордо ошол жылдары жарык көргөн чыгармалар жана авторлор тууралуу төмөндөгүдөй маалымат орун алган: «А.Токомбаевдин «Күйөөнүн колу жууркандын түрмөгүнөн чыкты» («Ленинчилер күзгүсү» журналы, Ташкент, 1928), «Мундуулар өлүмү» («Жаңы маданият жолунда», 1929, № 4–5), С.Карачаевдин «Үйлөнүүдөн качты», «Сүйгөнүнө кошула албады», «Күкүк менен Зейнеп» (1919), «Эрксиз күндөрдө» (1928), «Эрик таңында» (1929), У.Баялиновдун «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылаан» (1925), «Жетимдин өлүмү» (Эркин Тоо. – 1926 ж. – 22–24-август»)[4] мындай тизмени дагы да созо берүүгө болот эле. Бул жерде айтайын дегенибиз, бул «Тарыхта» ушул маалымат эмне сөз кылуу керек экендигине жем таштайт. Объектти сайып көрсөтүп, аты, автору, чыгарманын чыккан жылдары, айлары, айтор бардык тиешелүү нерселер берилет. Бирок ушундай эле маалыматтар менен чектелбестен, ирдүү деп эсептелинген чыгармаларга талдоолор жүргүзүлөт. Мисалы: С.Карачаевдин «Эрксиз күндөр» повести ушундай чыгарма катары анализделет.

«Кыргыз совет адабиятынын тарыхында» ушул эле маселелердин ар бирине токтолуу жасалат. Кененирээк сөз болот, анткени, академиялык «Тарыхтын» көлөмү, талабы ушуну талаптайт. Ошол эле С.Карачаевдин «Эрксиз күндөрдө» повести тууралуу сөз болот. Анын каармандарына баа берилет. Бул повестке байланыштуу мурдагы чыккан «Тарыхка» салыштырмалуу карама-каршылыктуу, же болбосо башкача көз караштагы баа берүүлөр жок. Ошол эле терс каарман Мамырбай, мугалим кедей табынан чыккан Жунуш, Кендирбайдын эрке кызы Жыпар тууралуу маалымат берилет.

Окуу китеби өзүнүн талабында өтө майда-чүйдөлөрүнө чейин талдоого ала берүүнү туура көрбөйт. Андай болгондо белгилүү бир деңгээлде ченемден чыккандык да болуп кетет. Ошондуктан өз максатына ылайыктап, К.Артыкбаев тыкандыкты, тактыкты, кыскалыкты колдонот.

Академиялык тарыхта С.Карачаевдин башка чыгармаларына да анализ жүргүзүлөт. Бул зарылдыктан болгон нерсе. Анткени академиялык «Тарых» кенен көлөмдүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө милдеттүү. Андан кийин ушул эле жылдардагы драматургияга арналган бөлүккө кайрылганыбызда, Москвадан чыккан «Историяда» поэзиядан кийин эле драматургияга өткөн. Прозага бир аз баяндама жасалып, мында жападан жалгыз Касымалы Баялиновдун кыргыз прозасынын төлү «Ажар» повестине жана ушул жылдары жазылган майда аңгемелерине кайрылуу жасалган.

К.Артыкбаевдин китебинде толтура маалыматтар берилген. Драматургия боюнча обзордо «История» менен К.Артыкбаевдин «тарыхында» эң алгачкы «Букулбай» пьесасынын коюлушу жөнүндө айтылып, алгачкы кыргыз драматургиялары К.Жантөшевдин «Карачачы» жана М.Токобаевдин «Кайгылуу Какейи» драмаларына басым жасалат. «Букулбай» пьесасы тууралуу академиялык «тарыхта» кенен сөз кылуу мүмкүнчүлүгү болсо да, К.Артыкбаевдин берилген маалыматтан ашарлык маалымат жок. Өзүнүн максатына жараша академиялык «тарых» ушул жылдары жарык көргөн башка драмаларга да талдоолор жүргүзгөн. Аларга С.Карачаевдин «Төрага Зейнеп», Ш.Көкөновдун «Тап жолунда» чыгармалары бар. Ушул обзордук бөлүмдөрдөн кийин К.Артыкбаевдин «Тарыхындагы» кыргыз адабий сыны, адабият таануусуна тиешелүү маалыматтар берилип, ушул жылдардагы адабий сындын алгачкы маалыматтарына жана тажрыйбаларына саресеп салат. Ушул жерден баса белгилеп кетүүчү нерсе, К.Артыкбаевдин ушул саамалыгы кийинки чыккан академиялык «Тарыхта»[5] улантылат.

Академиялык «Тарых» өз милдетине жараша кенен талдоого алат. Ошол жылдардагы адабий сыныбыздын пайда болуусуна, калыптануусуна байланыштуу процесстер талдоого алынат.

К.Артыкбаевдин «тарыхында» берилген ой учугу андан ары уланат. Бирок айтылуучу объект бир болгондонбу же башка да себептери барбы, айтор айтылган ойлор кеңейтилип гана берилет. Баалуу кошумчалоолор же алымча жасоололор деле байкалбайт. Өзүнүн көлөмүнүн кеңдиги укугунун өзгөчөлүгү менен академиялык «тарых» котормо маселелерине да токтолуп кеткен. Котормодогу жаңылыктарга, өзгөчөлүктөргө талдоо жүргүзгөн.

Көрсөтүлгөн китептердеги 30-жылдардагы кыргыз адабиятынын поэзия, проза, драматургия тармактарындагы кубулуштар талдоого алынат. «Историяда» адегенде проза жанры каралып, драматургиядан кийин поэзия каралган. Алгачкы калыптануу мезгилиндегиге салыштырганда поэзия бөлүмү кенен жазылган. Поэзияны Б.Керимжанова, прозаны К.Асаналиев, драматургияны да Б.Керимжанова изилдеген.

К.Артыкбаевдин китебинде да 30-жылдардын адабиятына талдоолор жүргүзүлгөн. Жана башка «тарыхтардан» айырмасы бул китепте «Кыргыз совет адабиятында социалисттик реализмдин калыптанышы» деп аталган аталыштын астында социалисттик реализмден калыптануу мезгилиндеги адабий процесске токтолот. Кыргыз адабиятындагы социалисттик реализмдин пайда болушу, калыптанышы жөнүндөгү маселелер адабиятыбыздын тарыхында сөзсүз карала турган маселелер. Автордун бул маселеге токтолуусу өз учурунда болуп, артыкбаштык кылбайт. Азыркы күндөгү коомдогу терең өзгөрүүлөрдүн натыйжасында социалисттик реализмден баш тартуучулук маанай соцреализмди тарыхтан биротоло сүрүп таштоо деген кеп эмес.

«Историядагы» каралган 30-жылдардагы прозада ушул мезгилдин эң белгилүү деп эсептелинген авторлору жана алардын чыгармаларына токтолгон. Атап айтканда, Мукай Элебаевдин «Узак жолу», Т.Сыдыкбековдун «Кең-Суу», Аалы Токомбаевдин «Жараланган жүрөк», «Днестр терең деңизге куят», «Күүнүн сыры», К.Жантөшевдин «Каныбек» өңдүү чыгармаларына токтолгон.

«Историяда» максатына жараша ошол мезгилдеги кыргыз адабиятынын абалынан чындап маалымат бере ала турган чыгармаларга, көрүнүктүү авторлорго гана токтолуп, үстүртөн жалпылаштырылган баяндама жасалат. Ушул мезгилдеги поэзия «Историяда» кенен сөз кылынат. Негизинен «Историяда» кыргыз адабияты менен башка адабияттардын ортосундагы карым-катыштарга басым жасалгандай.

К.Артыкбаевдин «Тарыхындагы» поэзияга арналган обзордо 30-жылдардагы кыргыз поэзиясындагы жаңылыктар толук кабарланган. Окуу китебинин талабына жараша конкреттүүлүк сакталган.

Кыргыз адабиятынын академиядан чыккан тарыхында ушул эле маалыматтардын тегерегинде сөз жүрөт да, бир аз кеңейтилет. Ал тургай маалыматтардын берилишиндеги ыраатуулук да сакталган. Маселен, алгач эмгек темасына арналган А.Токомбаевдин жана башка акындардын чыгармалары талданса, академиялык «Тарыхта» да ушул маселеге орун берилет. Мындан тышкары таптык күрөш, коомдогу болуп жаткан жаңылыктар («от араба темасы»).

К.Маликовдун кыргыз сатира жанрын өнүктүрүүдөгү салымы, А.Токомбаевдин философиялык ырларына токтолуу да К.Артыкбаевдин китебинде берилген өзөк, ирет боюнча талданып отурат. Ушул обзордук бөлүмдөрдө К.Артыкбаевдин китеби студенттерге ылайыкталган, чакандыгына карабастан, материалдарынын мазмуну конкреттүү болуп, маалыматтардын, фактылардын көптүгү менен айрымаланып турат.

Академиядан чыккан «Тарыхта» өзүнүн талабына жараша олуттуу чыгармалардан тартып, адабий факты болууга жарай ала турган кубулуштарга чейин токтолууга аракет жасалган.

Ал эми К.Иманалиевдин китеби болсо, К.Артыкбаевдин «Тарыхын» негизги жетекке алгандай. Андагы обзордук бөлүктөр К.Артыкбаевдин тарыхындагы обзорлорго окшош.

Балким бул окуу китебине коюлуучу талаптардын окшоштугу менен түшүндүрүүлөр. Кандай болгон күндө да ар бир жазылган эмгек өзүнчө оригиналдуулукка ээ болуп турушу зарыл маселе эмеспи.

Кыргыз совет адабиятынын андан кийинки этабы – «Кыргыз совет адабияты Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде». Бул этап бардык тарыхтардан орун алган. Башка этаптардын жазылышынан мүнөздүү нерсе бул бөлүктө да сакталып, адегенде тарыхый шарт, коомдук процесс, ал-абал жөнүндө маалыматтар берилет. Анткенинин себеби адабият коомдогу ири тарыхый окуяларга түздөн-түз шартташып турат.

Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө: ага байланыштуу дегеле ушул жылдардагы адабий көркөм процесске обзорлор жүргүзүлүп, мында төмөнкүдөй чыгармалар айтылат. Ушулардын тегерегинде сөз жүрөт: «Публицистикалык чакырык ырларга А.Токомбаевдин «Жүргүлө!», «Кектейбиз», М.Элебаевдин «Улуу Марш», «Ажалың», Ж.Бөкөнбаевдин «Ата Журт үчүн майданга», «Жүрөгүм менин кызыл туу», Т.Үмөталиевдин «Күн тутулбайт, ай батпайт», «Мактанбагын», К.Маликовдун «Канга-кан», «Жолдоштор», «Биз жана сен», Ж.Турусбековдун «Жок болор кези», «Кайда качат», А.Осмоновдун «Жашасын жүрөк, жашасын акыл», «Ал ант берүү» түрүндөгү ырларга А.Токомбаевдин «Ал мындай деди», Ж.Бөкөнбаевдин «Антым», Т.Үмөталиевдин «Аткарам берген антымды» жана башка»[6] чыгармалар жаралып, негизинен Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында ушул авторлордон калеминен чыгармалар жаралган эле.

Бардык жазылган «тарыхтарда» ушул авторлордун чыгармачылыгынын тегерегинде талдоолор жүргүзүлөт. Академиядан чыккан тарыхта жана К.Артыкбаевдин китебинде конкреттүү түрдө адабияттын жанрдык түрлөрүнө бөлүштүрүлүп каралат. К.Иманалиевдин «Тарыхында» көлөмүнө жараша жалпысынан сомолонгон обзор жүргүзүлөт.

1970-жылкы «Историяда» эмнегедир башка этаптарга салыштырмалуу согуш учурундагы адабият бөлүнбөстөн эле бир эле теманын астында жалпылаштырылган маалыматка ээ болот. Мында тарыхый коомдук шарт жөнүндө да маалымат берилбейт. Ушул жерден К.Артыкбаевдин китебине мүнөздүү бир принцип иш жүзүнө ашат. Адегенде адабияттын этаптык бөлүнүшүнө обзор жүргүзүлгөндөн кийин ошол учурга чыгармачылыктары туура келген авторлор каралат. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги обзордук бөлүмдөрдөн кийин М.Элебаевдин, Ж.Бөкөнбаевдин, Ж.Турусбековдун портреттери берилген.

Башка адабият тарыхтарынын чоң айырмачылыкка академиядан чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» эгедер. Анткени мында ар бир этаптагы көркөм котормо маселеси өзүнчө, адабий сын менен адабият таанудагы өнүгүш-өксүктөр, болуп өткөн кубулуштар өзүнчө изилденип, тааныштырылат.

Согуш мезгилинен кийин ирет менен согуш мезгилинен кийинки учурдагы адабий процесс келет. Ага арналган обзорлор жүргүзүлөт. Айта кете турган нерсе, «Историяда» «кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда» бөлүмү 40-жылдардын ортосунан 50-жылдардын биринчи жарымын ичине камтыйт. Мында граждандык-тарыхый абалды эске алып, мезгилдештирүү болгон деп ойлойбуз. Ал эми К.Артыкбаевдин «Тарыхында» болсо жогоруда аталган бөлүм 1946–1959-жылдарды ичине камтыйт. Мында китептин автору согуштан кийинки түшүнүктүү жылдарды өзүнчө бир доор кылып, анын аякы чекитин кыргыз адабиятындагы адабий чоң жаңылыктарга такайт, башкача айтканда 1958-жылы Москвада кыргыз адабияты жана искусствосунун декадасы болуп өтөт, ал эми 1959-жылы Кыргызстан жазуучуларынын Ш сьезди болуп өткөн. Канткен менен коомдогу граждандык-тарыхый окуялар менен адабий жаңылыктардын ортосундагы айырмачылыктар каралып жаткан маселенин, талдоолордун спецификасына жараша колдонуу туура болот го эсептейбиз.

**Адабияттар:**

1. История киргизской советской литературы. – М., 1970. – С. 54.
2. К.Артыкбаев. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Мектеп, 1982. 12,24,36,92-бб.
3. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф.: Илим, 1987. 56-б.